**Институтционалдык аккредитациялоо учурунда тышкы баалоонунун натыйжалары боюнча**

**КОРУТУНДУ**

Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту коомдук фондунун 2024-жылдын

8- апрелиндеги буйругунун негизинде № 9/24/ 10-к

эксперттик комиссия 2024-жылдын 17- апрелинен баштап 2024-жылдын 18- апрелине чейин

"Жусуп Баласагын атындагы Токмок лицейи" мекемесинде тышкы баалоосун жүргүздү

| | Критерийлер | Баа (ылайык келет, жарым-жартылай ылайык келет, ылайык келбейт) | Комментарийлер(баанын негиздемеси) |
|---|---|---|---|
| **1 Стандарт. Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** | | | |
| 1.1. | Билим берүү уюмунун ишин жөнгө салуучу бекитилген ички актылардын болушу | Ылайык келет | Далил базасында мектептин Уставы жана күбөлүгү берилген.Мектептин ишин, окутуу процессин жөнгө салуучу ички актылар, толугу менен жүктөлгөн.Билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылардын талаптарына толук жооп берет.Мамлекеттик акты тиркелген. |
| 1.2. | Билим берүү уюмунун бекитилген миссиясынын, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн жана жыл сайын өзүн-өзү баалоонун натыйжаларын эске алуу менен иштелип чыккан стратегиялык жана учурдагы пландарынын болушу | Ылайык келет | Тастыктоочу базада мектептин жылдык планы тиркелген жана директор тарабынан бекитилген.Билим берүү комплексинин миссиясы, бекитилген стратегиялык планда көрсөтүлгөн эмес. Максаттары жана өнүгүү пландары , кызыкдар тараптар менен талкууланат. Стратегиялык пландарды деталдаштыруу жыл сайын жүргүзүлүп, учурдагы пландарда көрсөтүлгөн. Методикалык бирикме, методикалык кеңешме, насаатчылык жөнүндө жоболор тиркелген.Лицейде методикалык 7 бирикме иш алып барат.Усулдук бирикмелердин протоколдору, анализдери тиркелген. |
| 1.3. | Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу саясатын ишке ашыруу жана жооптуу адамдардын / түзүмдөрдүн болушу | Ылайык келет | Билим берүү комплексинде сапатты камсыз кылуу системасы методикалык жана башкаруу түзүмдөрүнө, конкреттештирилген локалдык актылар менен жөнгө салынган.. Жооптуу адамдардын функционалдык милдеттери, методикалык жана башкаруучу түзүмдөр жөнүндө маалыматтар тиркелген. Билим берүү ишинин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | саясатын ишке ашыруу боюнча тиешелүү адамдардын жана түзүмдөрдүн отчеттору, протоколдору жүктөлгөн.Директордун орун басарынын, тарбия иштери боюнча директордун орун басарынын, психологдун жатакана жетекчилеринин кызматтык функционалдык милдеттери тиркелген.Бирикмелердин башчыларынын милдеттери буйруктары, аткарылган иштер боюнча отчеттору тиркелген. |
| 1.4. | Кызматкерлердин жана окуучулардын жүрүм-турумунун бекитилген этикалык ченемдеринин болушу ,аларды сактоо (билимдин жана инсандын баалуулуктарын, маданий көп түрдүүлүктү колдогон уюштуруу маданиятынын калыптанышы) | Ылайык келет | Мугалимдердин жана окуучулардын жүрүм-туруму мектептин эмгек тартибинин ички эрежесинде каралыш керек.Окуучулардын жүрүм-туруму үчүн ички эрежелер жөнүндө локалдык актылар бар. Педагогикалык коллектив тарабынан этикалык нормалар жана эрежелер кабыл алынып, мугалимдердин жүрүм-туруму боюнча “Тартип ” комиссиясы боюнча маалымат берилген, локалдык актылар тиркелген.Окуучулардын укуктары жана милдеттери мектептин Уставында көрсөтүлгөн.Ал эми окуучулардын этикалык ченемдерин сактоо боюнча мектеп парламентинин иш чаралары системалуу түрдө жүргүзүлөт жана жыл сайын мониторингдер жүргүзүлөт. |
| 1.5. | Баалоо жүргүзүүнүн, ишти уюштурууну пландоонун, ошондой эле билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун абалына мониторинг жүргүзүүнүн механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу | Ылайык келет | Ишти баалоо, пландоо механизмдеринин жол-жоболору иштелип чыккан. Өзүн-өзү баалоо отчетунда окуу-тарбия, методикалык ,психологиялык иштер боюнча пландар түзүлүп, педкеңеште, директор алдындагы кеңешмеде талкууланып бекитилет деп жазылган.Лицейдин тиешелүү жетекчилиги тарабынан баалоонун жыйынтыгы боюнча маалыматтар, анкеталардын жыйынтыктары жана анализдери иштелип чыккан..Мектептин ишин баалоо жана уюштуруу боюнча пландар түзүлгөн. Олимпиадалардын, ЖРТнын, мектеп ичинде өткөрүлгөн предметтик мониторингдер тиркелген. |
| 1.6. | Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун жана тийиштүү оңдоолорду киргизүүнүн колдонуудагы механизмдеринин болушу | Ылайык келет | Ата-энелер комитети жана чогулуштары, ийримдер жана предметтик клубдар жөнүндө жоболор педкеңешмеде каралып, бекитилген.Кызыкдар тараптардын катышуусу менен жана маалыматтарды талдоонун негизинде чечим кабыл алуу механизмдери иштелип чыккан.<br>Акыркы 5 жылдагы маалыматтарды талдоонун негизинде кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечим кабыл алуунун натыйжалуу практикасы чагылдырылган.Ата- |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | энелер чогулуштардын токтомдору, лицей ичинде,кызыкдар тараптар менен биргеликте жүргүзүлгөн иш чаралардын планы жүктөлгөн. |
| 1.7. | Билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасынын, веб-сайттын, электрондук почтанын болушу | Ылайык келет | Электрондук түрдө маалыматтык системанын иши жөнгө салынган.Лицейдин электрондук дареги 13 sapat.edu.kg Маалыматтар дайыма берилип турат. Маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, киргизүү, талдоо үчүн жооптуу адамдар бар. Лицейдин интернет сайты бар, Едупейдж электрондук журналын колдонуу менен ата-энелер өз балдарын көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүгү бар.Ата-энелердин, окуучулардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн сурамжылоолор, контингент жана иштин көрсөткүчтөрү жөнүндө сандык маалыматтар жана башкалар тиркелген эмес.Сайтка жаңылыктар, маалыматтар, окуучулардын спорт, саякатка чыгуу жана тематикалык иш чараларынын видео отчеттору киргизилген эмес. |
| ***Күчтүү жактар:****Лицей Уставдын жана локалдык актылардын негизинде ишмердүүлүгүн жүргүзөт.Кызыкдар тараптарды тартуу менен чечимдерди кабыл алуунун механизмдери иштелип чыккан.Билим берүү процессинде коопсуз чөйрө түзүлгөн.Ишинен жана окуутуу процессинде өзгөчөлөнгөн мугалимдер жана окуучулар сыйлыктарга көрсөтүлүп, мотифацияланат.Ишке кабыл алуу жана бошотуу эмгек кодексинин негизинде ишке ашырылат жана жумушка кабыл алынганда эмгек келишими түзүлөт.Мектептин сайты өз убагында фототчеттор жана видеолор менен толукталып турат* | | | |
| ***Алсыз жактар:-*** | | | |
| ***Сунуштар:-*** | | | |
| **2 Стандарт. Кадрдык саясатынын эффективдүүлүгү** | | | |
| 2.1. | Педагогикалык, администрациялык, окуу-көмөкчү жана кенже тейлөөчү персоналды ишке кабыл алуунун (бошотуунун) объективдүү критерийлерин жана шарттарын камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Педагогикалык админстративдик кенже тейлөөчү персоналды жумушка алуу жана бошотуунун критерийлерин камсыздоочу механизм толук иштелип чыккан эмес.Жумушка кабыл алуудагы, эмгек келишиминин көчүрмөсү тиркелген.. Жумушка алуу жол-жоболору эмгек мыйзамдарына каршы келбейт, эмгекти коргоо, жумуш күнүн нормалоо, кызматкерлерди социалдык коргоо боюнча ченемдер менен таанышытрууда буйруктар, техникалык коопсуздук боюнча нускамалар, лицейдин ички тартип эрежелери, функционалдык милдеттери жана иштөө режими менен таанышттыруу боюнча маалыматтар толук. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.2. | Штаттардын толукталышынын, педагогикалык кызматкерлердин квалификациясынын жана билиминин билим берүү программасына дал келиши | Ылайык келет | Лицейде 59 мугалим эмгектенет.жогорку билимдүүсү-33, бүтпөгөн жогорку билимдүү-4, бакалавр-17, орто кесиптик билими бар-5, жаш мугалимдер -11. Педагогикалык жана окутуучулук көмөкчү персонал квалификацияга жана билим берүү талаптарына ылайык толук камсыздалган. Сингапур методикасы, Казакстандын НИШ программасы боюнча курстарга, семинарларга катышып келген мугалимдер бар.Кесиптик квалификацияны жогорулатуу курстарынан мугалимдердин 73% өтүп, сертификаттарга ээ болушкан. |
| 2.3. | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыз кылуучу механизмдер жана жол-жоболор белгиленген, ошондой эле билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоонун жана анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алуунун далилдери бар.Мектеп психологунун жылдык планы тиркелген, аткарылган иштер боюнча маалыматы тиркелген.(отчеттор, окуучулардан, ата-энелерден алынган анкеталар) Тастыктоочу базада,СЭСтин актысы,эвакуациялык пландар,Хан-Тейиш коргоо кызматы менен түзүлгөн келишим иштелип чыккан.Коопсуз чөйрөнү камсыздоо максатында лицейдин территориясына 260 видеокамера орнотулган. |
| 2.4. | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окутуучу-көмөкчү персоналдын ишин баалоону, анын натыйжалары боюнча чечим кабыл алууну камсыз кылуучу механизмдин жана жол-жоболордун болушу | Ылайык келет | Педагогикалык, административдик, кенже тейлөөчү жана окууга жардам берүүчү персоналдын ишин баалоо механизминин жана жол-жоболорунун иш-аракеттеринин далилдери бекитилген жана бар. Билим берүү жогорку деңгээлдеги ийгиликтерди жараткан мугалимдер мектептин админстрациясы тарабынан ар кандай сыйлыктарга көрсөтүлүп турат. Баалоо жыл сайын жүргүзүлөт. Анын жыйынтыгы боюнча сыйлоолор бөлүштүрүлөт, Педагогдордун өз алдынча өнүгүүсүнө системалуу мониторинг жүргүзүлүп,тиешелүү админстративдик чечимдердин протоколдору жазылат.. Чечимдер бардык категориядагы кызматкерлердин салымын эске алуу менен кабыл алынат. |
| ***Күчтүү жактар:****Лицейдин мугалимдер менен толук камсыз болушу жана билимдерин жогорулатуу курстарынан өтүүсү, эл аралык деңгээлдеги сертификаттарга ээ болуусу, мультимедиалык каражаттар менен өтүлгөн сабактардын жогорку деңгээлде өтүлүүсү. "Сапат" аралык предметтик сынактардан мугалимдердин алдыңкы оруңдарды ээлеши.* | | | |
| ***Алсыз жактар:-*** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***Сунуштар:-*** | | | |
| **3 Стандарт. Материалдык-техникалык базасы** | | | |
| 3.1. | Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын, жайлардын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спортзал, акт залы, медпункт, ашкана), ошондой эле жатаканалардын (бар болсо)болушу, тиешелүү жашоо шарттары менен ээ болуу тиешелүү шарттары бар жатаканалардын болушу | Ылайык келет | Лицейдин материалдык-техникалык базасы окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө ылайыкташкан. 2 кабаттуу окуу корпусу, админстративдик рекреция жана 2 кабаттуу жатакана, ашкана, 3 кабаттуу башталгыч класстардын корпусу, жыйындар залы бар.1 спорт зал, 1 бокс залы,1 күрөш залы, 2 футбол аянтчасы бар. Окуу кабинеттеринин саны-29. Лабароториялардын саны-4 (физика, химия, биология, информатика)Бул кабинеттер заманбап техникалар менен жабдылган. Окуу имараттары жана жатаканалар канааттандырарлык абалда, коопсуздук көрсөткүчтөрү, саны, сапаты жана жеткиликтүүлүгү жакшырган.Жатакана 382 окуучуга ылайык, бардык шарттары бар, санитардык-гигиеналык нормалардын талабына жооп берет.Медпункт керектүү инвентарь менен жабдылган.Лицейде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар окубагандыгына байланыштуу, алар үчүн( пандус) шарттар каралган эмес.Ашкана 300 орунга ылаыйкташкан жана заманбап жабдуулар менен камсыздалган жана Санпиндин талаптарына жооп берет.Окуучуларга 3 маал тамак берилет.Сатылып алынган тамак аштардын сертификаттары бар. |
| 3.2. | Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздуктун, эмгекти коргоонун жана техникалык коопсуздуктун эрежелери) | Ылайык келет | Тастыктоочу базада техникалык коопсуздук жана өрт коопсуздугунун эрежелери, нускама журналы, медпункттун жатакананын иш пландары тиркелген.Ал эми окуу имаратындагы, жатаканадагы, спорт зал, информатика, химия, физика кабинеттериндеги коопсуздук эрежелеринин талаптарын сактоо, ар бир кабаттагы бекитилген эвакуациялык пландар санитардык-эпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер, ченемдер, тамак-аш боюнча сертификаттар тиркелген.Тастыктоочу базада окуу жылынын башталышында санитардык-гигиеналык эрежелерди сактоо боюнча мугалимдер, тарбиячылар, кенже персоналдар график менен медициналык кароодон өтүп турушат деп жазылган. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.3. | Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Ылайык келет | МТБ жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу пландар бар.Маалыматтык ресурстарды жакшыртуу максатында, интернетке байланыштуу Мегалайн 2 түйүнү киргизилген. 5 жыл ичиндеги материалдык баалуулуктардын өзгөрүүлөрүн көрсөткөн салыштырма маалыматтар берилген.Жатаканага кошумча 21 душ кабинасы салынган.Финансылык каржылоо ата-энелерден түшкөн каражаттардан салынган.Чарба иштери боюнча директордун орун басарынын жылдык айлык пландары, отчеттору тиркелген. |
| ***Күчтүү жактар:****Окуучулардын ден соолугуна кам көрүү максатында, спорт аянтчаларынын курулушу жана табигий илимдер боюнча предметтер кабинеттеринин( лабораториялардын) толук кандуу жабдылышы, инновациялык технологиялар менен камсыздалган кабинеттердин санынын көбөйүшү.*** | | | |
| ***Алсыз жактар:-*** | | | |
| ***Сунуштар:-*** | | | |
| **4 Стандарт. Финансы ресурстарын башкаруу** | | | |
| 4.1. | Финансылык пландаштыруу тутумунун болушу | Ылайык келет | Мекеме финансылык ресурстарды эффективдүү пландаштырууну жана башкарууну камсыз кыла турган механизмдерди колдонот. Материалдык ресурстарды, учурдагы жана пландаштырылган керектөөлөрдү баалоо финансылык ресурстарды бөлүштүрүүнүн негизи болуп саналат.<br>Жусуп Баласагын атындагы жалпы билим берүүчү Токмок лицейдин бюджетин пландоо өткөн жылдын иш жүзүндөгү чыгашаларын жана кирешелерин талдоодон кийин, бөлүмдөрүнүн натыйжалуу иштеши үчүн окуу жайдын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жумуштарды жана товарларды сатып алуу боюнча арыздарын кароо менен ишке ашырылат, анын ичинде билим берүү программалары үчүн, айрым жумуштарды, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу, ошондой эле милдеттүү учурдагы чыгымдарды жүзөгө ашыруу. Жыйынтыктоочу маалыматтарды түзүүдө, арыздар окуу жайдын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө алдын ала кароого жана бекитүүгө берилет. Пландаштырылган чыгашалардын артыкчылыктары аныкталат, андан кийин каржы бөлүмү менен макулдашылат, бул чыгашаларды пландаштырууда белгилүү бир ачык-айкындуулукту камсыз кылат.<br>Пландаштырылган чыгашалар аныкталгандан жана макулдашылгандан кийин, мектептин консолидацияланган бюджетинде топтолгон кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир түрү боюнча кирешелердин жана чыгашалардын сметасы түзүлөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Сметанын долбоору каржы бөлүмү менен макулдашылгандан кийин мектеп директору тарабынан бекитилет.<br>Календарлык жылдын кирешелеринин жана чыгашаларынын - бекитилген сметасына ылайык мектеп өзүнүн финансылык ишин жүргүзөт.<br>Лицей бюджетинин аткарылышын көзөмөлдөө мекеменин каржы бөлүмү тарабынан жүргүзүлөт. |
| 4.2. | Кошумча финансылык ресурстарды тартуунун, бөлүштүрүүнүн жана отчеттуулуктун ачык-айкын механизмдеринин болушу | Ылайык келет | Жусуп Баласагын атындагы жалпы билим берүүчү Токмок лицейинин финансылык ресурстарына төмөнкүлөр кирет: ата-энелердин салымдары- акы төлөнүүчү негизде билим берүү кызматтарын көрсөтүү. Мекеме финансылык ресурстарды эффективдүү пландаштырууну жана башкарууну камсыз кыла турган механизмдерди колдонот.<br>Жусуп Баласагын атындагы жалпы билим берүүчү Токмок лицейи кошумча финансылык ресурстарды тартуу иштерин колдонбойт, тиешелүү түрдө финансылык ресурстарды тартуунун, механизмдеринин болушу зарыл эмес. |
| 4.3. | Финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизминин болушу | Жарым-жартылай ылайык келет | Финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми Жусуп Баласагын атындагы жалпы билим берүүчү Токмок лицейи мекемесинде канааттандырарлык денгээлде жүргүзүлөт.<br>Бирок, ченемдер же көрсөтмөлөр түрүндө, жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми, расмий түрдө бекитилген эмес. |

***Күчтүү жактары:*** *Финансылык пландаштыруу тутуму Жусуп Баласагын атындагы жалпы билим берүүчү Токмок лицейинде канаатандырарлык денгээлде уюштурулган.*

***Алсыз жактары:*** *Ата-энелер тарабынан төлөмдөрдүн убагында төлөнбөшү финансалык ресурстадын тартыштына алып келүү тобокелдигин жаратат. Ченемдер же көрсөтмөлөр түрүндө, жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизми, расмий түрдө бекитилген эмес.*

***Сунуштар:*** *Жүргүзүлүп жаткан финансылык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти чогултуу, баалоо, талдоо жана пландаштыруу механизмим расмий түрдө - ченемдер же көрсөтмөлөр түрүндө бекитүү зарыл.*

## Минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынтыкталган таблица

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин саны | Ылайык келет | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт | Аткарылды/ Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты | 7 | 7 | - | - | Аткарылган |
| 2. | Кадрдык саясатынын эффективдүүлүгү | 4 | 4 | - | - | Аткарылган |
| 3. | Материалдык-техникалык базасы | 3 | 3 | - | - | Аткарылган |
| 4. | Финансылык ресурстарды башкаруу | 3 | 2 | 1 | - | Аткарылган |

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо боюнча чечими:**

**"Жусуп Баласагын атындагы Токмок лицейи" мекемесин, лицейдин статусун тастыктоо менен 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөрүүнү сунуштайт.**

.

Комиссиянын төрайымы: Усубалиева Нургуль Кубанычбековна ____________________

Комиссияныны мүчөлөрү: Тилемишев Азамат Темиркулович ____________________

Алманбетова Чинара Сагыналиевна ____________________